**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын**
**IV-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №8/6**

2025-жылдын 14-октябры Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын көрүстөндөрүндө көмүү жайын брондоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 "Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген жобого ылайык Куйручук-Кызарт айыл аймагынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо иштерин жүргүзүү боюнча Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповдун сунушун карап жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби жөнүндө сунушталган жобо бекитилсин (тиркеме тиркелет);

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 "Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген жобого ылайык Куйручук-Кызарт айыл аймагынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо боюнча иш алып барууга макулдук берилсин;

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**